# Жаштар комитети

**Баткен мамлекеттик университети**
**Жаштар комитетинин**

***У С Т А В Ы***

Баткен 2022-ж.

**I бөлүм**

**Жалпы жобо:**

1.1. БатМУнун алдында түзүлгөн Жаштар комитети Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жаштар саясатын негиздөө» мыйзамынын негизинде түзүлүп, мамлекеттик жаштар саясатын жүргүзүү максатында БатМУнун уюштуруу тарбия жана жаштар департаментинин ичине кирет жана кызмат аткарат;

1.2. Жаштар комитетинин жалпы иш аракетине БатМУнун 16 жаштан 28 жашка чейинки жаштары: студенттер, аспиранттар, жаш окутуучулук-профессордук курам жана техникалык көмөкчү кызматкерлер катыша алышат;

1.3. Жаштар комитети дал ушул Уставдын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын укуктук нормативдик актыларынын жана БатМУнун Уставынын негизинде иш алып барат;

1.4. Жаштар комитетинин курамы жана каржылоо фондусу БатМУнун уюштуруу тарбия жана департаментинин макулдугу менен бекитилет;

1.5. Жаштар комитети коммерциялык эмес мекеме.

**II бөлүм**

**БатМУнун Жаштар комитетинин иш багыттары:**

2.1. **Жаштар комитетинин иш багыттары төмөнкүлөр:**

- Кыргыз Республикасынын жаштар саясатын БатМУнун алкагында ишке ашыруу;
-«Кыргызстандын жаштары» улуттук программасын ишке ашырылышын камсыздоо;
- Эл аралык кызматташууну жана интеграцияны өнүктүрүү;
- Студент жаштар үчүн ар кандай багыттагы фестивалдар, конференциялар, конкурстарды, форумдарды, акцияларды ж.б.у.с. уюштуруу;
- Студент жаштардын кызыкчылыгын көздөгөн жеке ишкердик инициативаларды, программа, проектилерди колдоо менен студенттердин эмгектенүүсүнө, кызмат орду менен камсыз болуусуна жардамдашуу жана экономикалык-социалдык деңгээлин көтөрүү;
- Студенттердин жеке керт башынын укугун, демократиялык көз карашын калыптандыруу;
- Студенттердин өз алдынча эмгектенүүсүн, билимге умтулуусун камсыздоо менен бирдикте алардын эс алуусун, сергек жашоо образын түзүүгө чакыруу, бул багытта мамлекеттик башкаруу органдары, институттун администрациясынын жардамында программаларды иштеп чыгуу;
- Мүмкүнчүлүгү чектелген майып студенттерге, алыскы райондордон келген жана турмуш-шарты оор студенттерге моралдык жана материалдык колдоо көрсөтүү;
- Жаш илимпоздордун илимий конференцияларын уюштуруу жана студенттердин илимий макалаларын жарыкка чыгуусуна колдоо көрсөтүү;

- Студенттердин интеллектуалдык деңгээлин, руханий байлыгын жана патриоттук сезимин өстүргөн проектилерди ишке ашыруу;

- Студенттер арасында жаш үй-бүлөлөрдүн социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын колдоо, көмөк көрсөтүү.

## III бөлүм

**Жаштар комитетинин жайгашкан жери жана иш аракеттеринин мөөнөтү:**

3.1. Юридикалык дареги:, Кыргыз Республикасы, Баткен шаары, Адрес: И.Жусупова 11 Башкы мекеме 2-кабат 216 кабинет Email: kunnazarovaibek345@gmail.com. 0505686161 0777686262 upanai1999@gmail.com 0774289242

3.2. Жаштар комитети БатМУнун Окумуштуулар кеңешинин жыйынында бекитилгенден тартып, окуу жайдын чегинде мамлекеттик жаштар саясатын жүргүзүү максатында өзүнчө структура катары кызмат аткарат, ал – БатМУнун герби түшүрүлгөн расмий бланкын, мөөрүн, штампын колдонууга акылуу жана өзүнчө эсеп-кысабы бар өз алдынча структура;

3.3. Жаштар комитетинин иштөө мөөнөтү чектелбейт.

## IV бөлүм

**Жаштар комитетинин түзүмү, ишин уюштуруу жана башкаруу**

4.1. Жаштар комитетинин башкаруу органы болуп, Жаштар комитетинин төрагасы (төрайымы) жана БатМУнун студенттер менен иштөө кеңеши саналат;

4.2. Жаштар комитети өз ара структураларга ажырайт:

а) Орун басар ; **Умарбаева Нилуфар**

б) Катчы; **Эркин кызы Шаиргул**

в) Студенттик акыйкатчы **Асылбек у Бектур**

г) Социалдык иштердин сектору;**Уланбек к Дилназ**

д) Кыздар кенешинин торайымы; **Жолдошева Умуткан**

е) Спорттук иштердин сектору; **Аскаралиев Жээнбек**

Мындан сырткары ар бир окуу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн Жаштар комитетинин төрагалары( төрайымдары) кирет. Жалпы расмий курам 7 (жети ) адамдан турат.

- Сектор башчылары комитеттин отурумунда сунуштоо менен же добуш берүү менен бекитилет;
- Сектор башчылыгына ар бир факультеттен сунушталган студенттер дайындалат.

4.3. Сектор башчыларынын милдеттери:

**а) Орун басардын милдети:**

- Жаалпы жаштар комитети тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштерди жана, търаганын милдетин аткаруучу болуп иш алып барат;

**б) БатМУнун жаштар комитетинин катчысынын милдети:**

- жаштар комитетин чогулуштарын уюштурат жана ар бир өткөрүлгөн иш чараларды кагаз жүзүнө түшүрүп жазып турат;

**в) Социалдык иштер боюнча сектордун милдети:**

- мүмкүнчүлүгү чектелген майып студенттерди каттоо, шарты оор үй-бүлөнүн студенттерине жана алыскы райондордон келген студенттердин социалдык абалын көзөмөлгө алуу, колдоо көрсөтүү;
- жатакана менен камсыз кылууга жардам берүү;

**г) Кыздар кенешинин төрайымынын милдети:**

- БатМУнун жаалпы кыздары менен, Кыргыз элинин белгилүү айымдарынын ортосунда жолугушуларды уюштуруу жана (жатаканада жашаган кыздар менен) тыгыз байланышта иш алып баруу ;

**д) Спорт сектордун милдети:**

- Окуу жайда спорттук мелдештерди уюштуруу;
- шаардык, облусттук деңгээлдеги мелдештерге спортчулардын катышуусун камсыздоо;
- ЖОЖдор аралык спорттук оюндарды, спартакиадаларды өткөрүү;

**е) БатМУнун жаштар комитенин акыйкатчысынын милдети:**

- БатМУнун студенттеринин укуктарын коргоо жана сессия учурунда корупцияга каршы өтөт иштерин уюштуруу ;

- студенттер менен мугалимдердин ортосунда болуп жаткан көйгөйлөрдү билиш үчүн студенттерден тест алуу;

4.4. Жаштар комитети жумасына бир жолу толук структуралык түзүмдүн катышуусунда жыйын өткөрүп турат. Жыйында каралчу маселелерге атайын протокол жазылып, катчы тарабынан көзөмөлгө алынат;

4.5. Жаштар комитетинин каржылык, чарбалык, финансылык, басма-полиграфиялык иштерине БатМУнун уюштуруу тарбия жана жаштар департаменти жетечилик кылат;

4.6. Жаштар комитетинин төрагасы БатМУнун уюштуруу тарбия жана жаштар департаменти тарабынан дайындалат;

4.7. Өзүнө Жаштар комитети структуралык түзүмгө өз алдынча өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.

## V бөлүм

**Жаштар комитетин каржылоо тартиби жана булактары**

5.17. Жаштар комитети БатМУнун казынасынын жана кесиптик кошундун эсебинен каржыланат;

5.18. Бөлүнгөн акча каражаттарын өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарууда, кечелерди уюштурууга жумшай алат.

**VI бөлүм**

**Жаштар комитетинин мүлкү жана аны пайдалануу укуктары:**

6.1. Жаштар комитетинин төрайымы эмгек акы төлөнбөйт. Ал эми структуралык түзүмдү ар түрдүү сый акы түрүндө жана кошумча акы түрүндө берилип турат;

**VII бөлүм**

**Жаштар комитетинин ишин токтотуу же өзүн жоюу тартиби:**

7.1. Эгер Жаштар комитети өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарууда алсыз болгон учурда өз ишин токтотот;
7.2. Жаштар комитети башка структураларга кошулуп кеткенде же бөлүнүп кеткенде өз ишин токтотот жана атайын комиссиянын текшерүүсүнөн өтөт;

7.3. Жаштар комитети өз ишин токтоткон күндөн тартып учурдагы Устав өз күчүн жоготот жана окуу жайдын архивине тапшырылат.

**Жаштар комитетинин төрайымы** **Жаныбек к Упанай**

**Баткен мамлекеттик университетинин Жаштар комитети жөнүндөгү жобо**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1 **Баткен мамлекеттик университети** *(мындан ары - БатМУ)* студент-жаштарынын өзүн-өзү башкаруу структурасы – Жаштар комитети *(мындан ары - комитет)* болуп саналат. Ал Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаштар саясатын өнүктүрүү» жөнүндөгү указынын негизинде түзүлүп, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү», «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндөгү» мыйзамдарына, БатМУнун уставына, тарбия концепциясына жана башка нормативдик укуктук актыларга, 2018-жыл чейинки Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаштар саясатын өнүктүрүү концепциясына жана ушул жобого таянып иш жүргүзөт. БатМУнун Жаштар комитети мамлекеттик жаштар саясатын өз компетенциясынын чегинде жүзөгө ашыруучу окуу жайдагы структуралык түзүм болуп эсептелет.
1.2 Комитет окуу жайдын 16 жаштан 28 жашка чейинки окутуучуларынын, аспиранттарынын жана студенттеринин курамында түзүлөт;
1.3 Комитет республикалык аткаруу жана жергиликтүү башкаруу органдары, коомдук жана өкмөттүк эмес жаштар уюмдары менен тыгыз байланышта иш алып барат.
**1.4 Комитеттин дареги – Баткен шаары, И.Жусупова 11 Башкы мекеме 2-кабат 216 кабинет Email:** kunnazarovaibek345@gmail.com. 0505686161 0777686262 upanai1999@gmail.com 0774289242

## 1. II. КОМИТЕТТИН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Жаштар комитетинин негизги максаты жана милдеттери катары төмөндөгүлөр эсептелет:

2.1 КРнын «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндөгү» мыйзамын аткаруу;
2.2 КРнын мамлекеттик жаштар саясатын БатМУнун компетенциясынын чегинде жүзөгө ашыруу;
2.3 Улуттук «Кыргызстан жаштары» программасын аткарууну камсыздоо;

2.4 КРнын башка ЖОЖдору менен байланыштарды түзүү жана күчөтүү;

2.5 Студент-жаштардын арасында фестиваль, форум, конкурс, илимий-практикалык конференция, семинар, тренинг, жолугушуу, лекция, маектешүү, дебат, дискуссия, маданий-массалык жана спорттук иш-чараларды ырааттуу түрдө мезгил-мезгили менен уюштуруу ошондой эле регионалдык жана республикалык иш-чараларга активдүү катышуу;

2.6 Жаш ишкерлердин долбоор-программаларын жана демилгелерин кубаттоо, жаштардын жумуш менен камсыз болуусуна жана студент-жаштардын укуктук, социалдык, экономикалык кызыкчылыктарын коргоого көмөктөшүү, студенттик курулуш отряддарын уюштуруу;

2.7 Жаштардын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн мамлекеттик, жеке жана коммерциялык ишкерлер ошондой эле эл аралык уюмдар менен биргеликте социалдык программаларды, долбоорлорду иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;

2.8 Окуу-тарбия иштерине көмөк көрсөтүү, студент-жаштардын маданий эс алуусун уюштуруу, жаштар арасында дене тарбиясын жана спортту өнүктүрүү;

2.9 Мамлекеттин социалдык-экономикалык, маданий, демографиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жаштардын укугун коргоо, мыйзамдык кызыкчылыктарын камсыздоо;

2.10 Жаштардын нравалык, интеллектуалдык, маданий-эстетикалык жактан өнүгүүсүнө жана бийик патриоттук сезимде тарбиялануусуна өбөлгө түзүү.

## III. КОМИТЕТТИН УКУКТАРЫ

3.1 Окуу жайдын ичинде жаштар саясатын жүргүзүү максатында негизги приоритеттер жана багыттар боюнча сунуштарды окуу жайдын жетекчилигине жеткирүүгө жана аларды ишке ашыруу боюнча механизмдерди иштеп чыгууга, ошондой эле жаштар саясаты боюнча регионалдык, республикалык мамлекеттик иш-чараларга катышууга;

3.2 КРнын мыйзамдарына каршы келбеген учурларда өз компетенциясынын чегинде өз алдынча чечимдерди кабыл алууга;

3.3 Социалдык-психологиялык, педагогикалык, укуктук жана турмуштук татаал кырдаалдарда жаштарга жардамдык кубаттоо көрсөтүү иш-чараларына катышууга;

3.4 БатМУнун окуу имараттарынын, жатаканаларынын санитардык, электрдик-техникалык коопсуздук абалын текшерүү боюнча атайын рейддерге катышууга;

3.5 Студенттердин арасында профилактикалык-түшүндүрүү жана тарбиялык иштерди жүргүзүүгө;

3.6 Окуу процессинде сапаттык жана абсолюттук жетишүүсү төмөн болгон жана коомдук жайларда өзүн алып жүрүүсү, дисциплиналык эрежелерге жооп бербеген студенттерди комитеттин кеңешмелеринин күн тартибине коюуга;

3.7 Жылдын жыйынтыгы боюнча жана майрамдык даталарга *(Бүткүл дүйнөлүк жаштар күнү, Эл аралык студенттер күнү, Ата-Мекенди коргоочулардын күнү, Эл аралык аялдар күнү ж.б.)* карата окуу процессиндеги мыкты жетишкендиктери, спорттук мелдештерде жогорку көрсөткүчтөрү жана маданий-массалык, коомдук иш-чараларга активдүү катышкандыгы үчүн студенттерди, аспиранттарды, жаш окутуучуларды сыйлоо *(стипендия, акчалай сыйлык, ардак грамота ж.б.)* жөнүндө окуу жайдын ректоратына сунуш берүүгө;

3.8 БатМУнун Жаштар комитетинин курамын түзгөн окуу түзүмдүк бөлүмдөрдүн Жаштар комитеттеринин төрагаларына өз компетенциясынын чегинде тарбия иштери боюнча методикалык координацияны камсыздоого;

3.9 Жаштар саясатына байланыштуу иш-чараларды уюштурууда ыктыярдуу жана келишимдик негизде спонсорлорду жана уюмдарды тартууга;

3.10 Студент-жаштардын арасында окуу-методикалык борборлорду, спорттук клубдарды, чыгармачыл топторду ж.б. уюмдарды түзүүгө көмөктөшүүгө;

3.11 Жаштар иштери боюнча маалымат бюллетендерин, тарбиялык-методикалык ж.б. материалдарды даярдоого.

## IV. КОМИТЕТТИН БАШКАРУУ ОРГАНЫ ЖАНА СТРУКТУРАСЫ

4.1. БатМУнун Жаштар комитетинин төрагалык кызматына 28 жашка чейинки университеттин окутуучусу, аспиранты же студенти тарбия департаментинин сунушу менен ректор тарабынан бекитилет.

4.2 16 жаштан 28 жашка чейинки студенттер, аспиранттар, жаш окутуучулар комитетке мүчө боло алышат.

**Төрайымдын укуктары жана милдеттери:**

4.3 Төрайымы комитеттин жалпы ишмердүүлүгүн жетектейт;

4.4 Комитетке жүктөлгөн милдеттердин жана тапшырмалардын аткарылышын төрайым координациялайт жана жооп берет;

4.5 Комитеттин структурасын иштеп чыгат жана кырдаалга карата өзгөртүүлөрдү киргизет;

4.6 Комитеттин структуралык жетекчилери *(орун басар, сектор башчылары, окуу түзүмдүк бөлүмдөрдүн Жаштар комитеттеринин төрагалары)* комитеттин жобосуна ылайык иштелип чыккан функциялык милдеттери жана укуктары жөнүндөгү жобонун негизинде иш алып барышат;

4.7 Комитеттин актив-мүчөлөрүн (орун басары жана сектор башчыларын) кызматка дайындайт, мыйзам чегинде дисциплиналык жоопкерчиликке тартат жана комитеттин жобосуна каршы келген учурда кызматынан бошотот;

4. 8 *Окуу түзүмдүк бөлүмдөрдүн* Жаштар комитеттеринин жоболорун бекитет;

4.9 Өзүнүн компетенциясынын чегинде комитеттин актив-мүчөлөрүнө тапшырмаларды, инструкцияларды жана көрсөтмөлөрдү берет;

4.10 Комитеттин ишмердүүлүгүнө байланыштуу келишимдерди жана макулдашууларды түзөт;

4.11 Комитеттин ишмердүүлүгүнүн негизги перспективалык багыттарын аныктайт, пландарын иштеп чыгат жана алардын аткарылышы жөнүндө отчет даярдайт;

4.12 *Окуу түзүмдүк бөлүмдөрдүн* Жаштар комитеттеринин төрагаларын кызматка дайындоо, шайлоо же конкурстук тандап алуу үчүн факультеттин жетекчилигине талапкер сунуштайт;

4.13 *Окуу түзүмдүк бөлүмдөрдүн* Жаштар комитеттеринин төрагаларынын иш-пландарын бекитет жана алардын аткарган иштери тууралуу отчетторун семестрде бир жолу угат;

4.14 Комитеттин материалдык-техникалык каражаттарынын максаттуу жана эффективдүү пайдаланылуусун контролдойт;

4.15 Комитет, курамына төрага, төраганын орун басары кирген коллегия түзүүгө укуктуу. Коллегиянын курамына окуу жайдын администрациясынан*(проректорлор, декандар, бөлүм башчылар)*, профсоюз уюмунан, факультеттердин Жаштар комитеттеринин мүчөлөрүнөн, жатаканалардын студенттик кеңештеринен өкүлдөр мүчө катары кире алат;

4.16 Коллегия мамлекеттик жаштар саясатынын негизги маселелерин карайт жана талкуулайт;

4.17 Коллегиянын курамынын мүчөлөрүн төраганын сунушу боюнча окуу жайдын жетекчиси бекитет;

4.18 Коллегиянын чечимдери коллегиянын мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушунун негизинде кабыл алынат.

## КОМИТЕТТИН ФИНАНСЫЛЫК ЖАНА МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАРАЖАТТАРЫ

5.1 Комитет тарабынан аткарылуучу иш-чараларды финансылык каржылоо КРнын мыйзамдарына туура келген түрдө университеттин бюджетинин, гранттардын, проекттердин, спонсорлордун ж.б. каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт;

5.2 Комитетке тиешелүү иш-чараларды аткарууда комитеттин актив-мүчөлөрү университеттин администрациясы тарабынан бөлүнүп берилген материалдык-техникалык каражаттардан пайдаланышат.

## VI.КОМИТЕТТИ ӨЗГӨРТҮП ТҮЗҮҮ ЖАНА ЖОЮУ

*6.1* Комитеттин ишмердүүлүгүн токтотуу төмөндөгүдөй жолдордун биринин негизинде ишке ашат:

*а) башка структурага кошуу;*
*б) өзгөртүп түзүү;*
*в) структураны жоюу*

*6.2* Комитеттин ишмердүүлүгүн токтотуу университеттин ректору тарабынан атайын түзүлгөн комиссиянын чечиминин негизинде жүргүзүлөт;

6.3 Комитеттин жүргүзгөн ишмердүүлүгүнө тиешелүү жана комитеттин ишмердүүлүгүн токтотуудагы түзүлгөн документтер КРнын «Кыргыз Республикасынын улуттук архивдик фонду» жөнүндөгү мыйзамынын негизинде сакталат жана колдонулат;